# Балдарды тарбиялоо

**Мазмуну:**

1. **Тарбиянын зарылдыгы**
2. **Тарбиянын ар тараптуулугу**
3. **Тарбия берүүчү тараптар**
4. **Тарбияга болгон чакырыктар**
5. **Тарбия кандайча болот**
6. **Тарбия берүүдөгү каталыктар**
7. **Балдардын жолдон чыгуусунун себептери**

**<u>Тарбиянын зарылдыгынын себептери:</u>**

- **Пайгамбардын сав ,сахабалардын ж-а андан кийинки келген изги муундардын өзүнөн соңкуларга калтырган тарбиясынан үлгү алып аларды ээрчүү;**
- **Коомдогу терс абалдын туура тарбияга мухтаждыгы;**
- **Туура тарбия аркылуу балада өзүн жаман иштерден ,арам нерселерден жана ар түрдүү бузукулуктардан сактануу коргону пайда болот;**
- **Жакшы тарбия аркылуу келечекте ар түрдүү кыйынчылыктарга,фитналарга туруштук берип,сабырдуу болот;**
- **Жакшы тарбия келечекте баланын өзүнө ж-а коомуна карата өз вазыйпасын так аткаруусуна өбөлгө болот;**
- **Тарбиянын зарылдыгы коомчулукта ар түрдүү тыштан келген терс көрүнүштөргө каршы туруудa билинет;**
- **Тарбия берүүдө кээде мектептер же мечиттер аздык же жетишсиздик кылат. Андыктан тарбияга бардыгыбыз маани беришибиз зарыл;**
- **Коомдогу кээ бир оорулар, аракечтик,наркомания жана бузукулуктар тарбия берүүдөгү кайдыгерлик себептүү болот;**

## Тарбиянын ар тараптуулугу

**<u>Тарбия берүү бир нече тараптан болот</u>**

1. **Иймандуулукка тарбиялоо**
2. **Адеп ахлакка тарбиялоо**
3. **Дене тарбиясы**
4. **Акыл эстүүлүккө тарбиялоо**
5. **Напсини тарбиялоо**
6. **Коомдук тарбия**

**Демек тарбия деген дене тарбияга же адептүү болууга тарбиялоо менен чектелбейт.**

**Балким тарбия түшүнүгү мындан кеңирээк.**

## Тарбия берүүчү тараптар

**Балдарга тарбия берүү ата-энеге гана чектелбейт. Жакшы тарбия берүүгө мечит,балдар бакчасы,мектептер,окуу жайлар массалык маалымат каражаттары ошондой эле үй бүлөдө ата-эне менен биргеликте чоң ата, чоң эне, таята таэнелер, агалар жана эжелер салым кошуусу зарыл.**

### Тарбияга болгон чакырыктар

Чындыгында ислам динибиз балдарга туура ж-а жакшы тарбия берүүгө ж-а аларды тозок отунан сактоого үндөп чакырган чакырган.
Алла Таала Куранда мындай дейт:

يَا أَيُّهَا الَّذِينَ آمَنُوا قُوا أَنفُسَكُمْ وَأَهْلِيكُمْ نَارًا وَقُودُهَا النَّاسُ وَالْحِجَارَةُ

**«Эй момундар,өзүьөрдү жана үй бүлөьордү отуну адамдар менен таштардан болгон тозок отунан сактагыла»** (Тахрим:6)
Дагы бир аятта мындай дейт:

وَأْمُرْ أَهْلَكَ بِالصَّلَاةِ وَاصْطَبِرْ عَلَيْهَا ۖ

«**Үй бүлөдү намаз окууга буйургун жана ага (намазга)сабырдуулук кылгын»** (Таха:132)
Пайгамбарыбыз сав.өзүнүн хадистеринде төмөнкүдөй буйруп айткан:
**«…..Киши өз үй бүлөсүнө койчуман сыяктуу жана өз кол астындагылар үчүн жооптуу,аял да күйөөсүнүн үйүнө койчуман сыяктуу ,ал дагы кол астындагылар үчүн жооптуу», «Атанын өз баласына берген белегинин эң жакшысы –бул жакшы адеп»,**
«**Балдарыңарды жети жашынан намазга буйургула**» ж.б.
Албетте балдардын жакшы болуусу үчүн жакшы тарбиянын таасири бар. Себеби балдар фитратка (алмийсактагы табиятка т.а. ыйманга)төрөлөт.Андан кийин ошол табиятты сактап калуу туура тарбия менен болот. Пайгамбарыбыз хадисте мындай деген: **«Ар бир перзент фитратка төрөлөт,андан соң аны ата-энеси жөөттүккө же христиандыкка же отпарастыкка тарбиялап коет».**
Демек бала эмнеге тарбияланса ошол нерсеге көнүп,адаттанат.
Айрыкча жаш курагында тарбияны жакшы кабыл алат.

## Тарбия кандайча болот

1. **Келечекте балдарга үлгү болчу жана жакшы тарбия бере алчу жакшы аял же жакшы күйөө тандоо**
2. **Алла Тааладан жакшы перзент ырыскы кылып берүүсүн сурап дуба кылуу**

3. **Аялына жакындык кылуу алдында «бисмиллах»- деп айтуу.**
4. **Перзент төрөлгөндө кулагына азан айтып ат койуу,чачын алуу,акыйка союу,сүннөткө отургузуу.**
5. **Бала төрөлгөндөн кийин алар үчүн жакшы дуба кылуу.**
6. **Балдарды адал ырыскы менен багуу.**
7. **Жаман аттар менен чакырбоо(мисалы: Эй аңкоо,келесоо ж.б.)**
8. **Балдарынын арасында адилеттүүлүк мамиле жасоо.**
9. **Балдарга шариятка туура келбеген кийимдерди кийгизбөө.**
10. **Эркек жана кыздардын арасын акылга келе баштагандан баштап бөлөк бөлөк жаткыруу.**
11. **Мончого эркек кыздарды аралаш киргизүүдөн же жалпы мончого авраты ачык киргизүүдөн сактануу.**
12. **Ата-эне балдарынын көзүнчө авратын ачык алып жүрүүдөн сактануусу керек.**
13. **Балдарына иймандын негиздерин,Акырет, жашообуздун негизги максатын,бейиш ж-а тозок тууралуу үйрөтүү.**
14. **Балдарына алар дайыма Алла тааланын көзөмөлүндө экендигин түшүндүрүү**
15. **Балдарына куран окууну жана хадистерди үйрөтүү.**
16. **Балдары менен кээде кабырларды зыярат кылуусу.**
17. **Чынчылдык,аманаткөй,боорукердик сыяктуу жакшы сапаттарга тарбиялоо**
18. **Балдарга башкалардын укугун сактоого үйрөтүү(ата-эненин,туугандардын,кошуналардын,улуулардын ж.б.)**
19. **Жакшылыкка буйруп ,жамандыктан кайтаруга үйрөтүү.**
20. **Баланын мүмкүнчүлүктөрүн баалай билүү (талантын) жана колдоо.**
21. **Балдарына жакшы досторду (чөйрөнү) тандоо.**
22. **Балдарына пайгамбарыбыздын өмүр баянын тааныштыруу.**
23. **Шарияттан мухтаж болгон илимдерди үйрөтүү. (даарат, намаз ж.б)**
24. **Бузуку иштерге барбоосу үчүн баласына көп акча бербөө жана ууруллукка барбоосу үчүн өтө аз акча бербөөсү.**
25. **Эгер балдарыбыздын бизди татыктуу урматтоосун кааласак, анда биз да өз ата- энелерибизди урматын өз ордуна коюшубуз зарыл.**
26. **Тарбия берүүдө жакшы үлгү болуу.(Ата-эне, ага-эжелер,мугалимдер ж.б.)**
27. **Баланын үстүнөн дайыма көзөмөлдүк кылуу.**

## Тарбия берүүдөгү каталыктар

- **Берген тарбиясына карама каршы үлгү көрсөтүү**
- **Баланы үйдөн куу.**
- **Себепсиз көп убакыт бою балдарынан узакта болуу**

- **Кандай чөйрөдөгү балдар менен достошуп жүргөндүгүнө көңүл бурбоо.**
- **Балдарын биринен экинчисин артык коюу (мис: сен келесоосуң, а тигил азамат-деген сыяктуу)**
- **Балдарын тилденүүдөн,сөгүнүүдөн тыйбай тескерисинче аны менен сыймыктануу.**
- **Уурулук кылса андан тыйбоосу.**

**Балдардын жолдон чыгуусунун кээ бир себептери:**

- **Балдарга тарбия берүүдөн кайдыгер болуу же туура эмес тарбия берүү**
- **Ата-энеин көп чатакташуусу**
- **Ата-эненин ажырашуусу**
- **Кедейлик, жетишпестик**
- **Жаман чөйрө**
- **Жаман үлгү**
- **Айлана чөйрөдө терс көрүнүштөрдүн көптүгү.**

**Хадис : «Ким исламда жакшы бир өрнөк жол калтырса, ага анын сообу жана ага амал кылгандын сообу жазылат.О.э. ким жаман өрнөк жол калтырса ага анын жүгү(күнөөсү) жана ага амал кылгандын күнөөсү болот»**

**Даярдаган: Касым Сыдыков**